**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ ЖАРАНДЫК АВИАЦИЯ МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИ**

**ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ГРАЖДАНСКОЙ АВИАЦИИ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2024ж 27-март № 225

Бишкек ш.
г.Бишкек

## Авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалыматтар менен иштөө Нускамасын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-майындагы "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндөгү" токтомуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 24-ноябрындагы №787 буйругу менен бекитилген "17-КРАЭ. Авиациялык коопсуздук" Кыргыз Республикасынын авиациялык эрежелеринин 70, 71, 72-пункттарына ылайык, **буйрук кылам:**

1. Тиркемеге ылайык, Авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалыматтар менен иштөө Нускамасы бекитилсин.

2. Авиациялык коопсуздук бөлүмүнө:

- авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалыматтар менен иш алпарууну Нускамага ылайык аткаруу камсыздалсын;
- бул буйрукту кызыкчылыгы бар бардык жарандык авиация уюмдарына маалымат жана иш үчүн жеткирилсин.

3. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө директордун орун басары К.Т. Төлөгөновго жүктөлсүн.

## Об утверждении Инструкции работы с конфиденциальной информацией по авиационной безопасности

В соответствии с постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 03 мая 2023 года №115 «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам

местного самоуправления», пунктами 70, 71, 72 Авиационных правил Кыргызской Республики «АПКР 17. Авиационная безопасность», утвержденных приказом Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики от 24 ноября 2022 года №787, **приказываю:**

1. Утвердить Инструкцию работы с конфиденциальной информацией по авиационной безопасности согласно приложению.

2. Отделу авиационной безопасности:

- обеспечить выполнение работы с конфиденциальной информацией по авиационной безопасности согласно Инструкции;
- довести настоящий приказ всем заинтересованным организациям гражданской авиации для сведения и работы.

3. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя директора К.Т.Төлөгөнова.

**Директордун милдетин убактылуу аткаруучу** **Д.К. Бостонов**

**Приложение**
**к приказу Государственного агентства**
**гражданской авиации при**
**Кабинете Министров**
**Кыргызской Республики**
**№225 от «27» марта 2024 года**

**Инструкция**
**работы с конфиденциальной информацией**
**по авиационной безопасности**

## Глава 1. Общие принципы

1. Конфиденциальная информация по авиационной безопасности - это информация, предоставление доступа к которой или раскрытие которой неуполномоченным лицам может привести к возникновению или использованию уязвимости, или способствовать акту незаконного вмешательства в деятельность гражданской авиации.

2. Конфиденциальную информацию по авиационной безопасности предоставляется только тем лицам, которым такая информация требуется для выполнения ими своих обязанностей и которым, следовательно, разрешен доступ к ней. Такой подход именуется "принципом служебной необходимости". Орган гражданской авиации, организации гражданской авиации обеспечивают проведение проверки анкетных данных лиц, получающих доступ к конфиденциальной информации в области авиационной безопасности, до предоставления им доступа к такой информации.

3. К конфиденциальной информации применяются меры по ее защите, и уровень такой защиты определяется руководителем государственного органа, организации гражданской авиации в соответствии с Инструкцией по обеспечению режима секретности в министерствах, административных ведомствах, на предприятиях, в учреждениях Кыргызской Республики, утверждённой Правительством Кыргызской Республики от 23 декабря 1996 года № 619/35, Положением «О порядке работы с документами, содержащими информацию для служебного пользования», утвержденным постановлением Правительства Кыргызской Республики от 07 мая 2013 года №255. Меры защиты конфиденциальной информации по авиационной безопасности применяются в процессе ее выявления, обработки, распространения или уничтожения.

4. Руководители государственных органов, организаций гражданской авиации разрабатывают письменную политику, процедуры и руководящие

указания в отношении идентификации, обработки, распространения (например, в устной, физической и электронной формах) и удаления конфиденциальной информации по авиационной безопасности, чтобы обеспечить недопущение ее несанкционированного раскрытия. Такие политика, процедуры и руководящие указания также касаются вопросов несанкционированного раскрытия информации.

## Глава 2. Идентификация конфиденциальной информации по авиационной безопасности

5. Орган гражданской авиации, государственные органы, организации гражданской авиации определяют конфиденциальную информацию по авиационной безопасности с помощью соответствующего грифа. Конфиденциальная информация по авиационной безопасности может полностью или частично включать следующее:

1) национальная программа безопасности гражданской авиации (Авиационные правила Кыргызской Республики и иные нормативные правовые акты в сфере авиационной безопасности);

2) программа подготовки в области обеспечения безопасности гражданской авиации (НППБГА);

3) программа контроля качества в сфере обеспечения безопасности гражданской авиации (НПККБГА);

4) другие соответствующие правила и меры, относящиеся к авиационной безопасности;

5) программа безопасности аэропорта (ПБА);

6) программа безопасности эксплуатантов воздушных судов (AOSP);

7) стандартные операционные/эксплуатационные процедуры (СОП/СЭП), касающиеся авиационной безопасности, описывающие конкретные меры по обеспечению безопасности;

8) подробности результатов проверок системы безопасности и других мероприятий по контролю качества;

9) информация об угрозах и оценка факторов риска;

10) подробная информация об инцидентах в области безопасности;

11) процедуры реагирования на акты незаконного вмешательства;

12) планы действий в чрезвычайных обстоятельствах;

13) рисунки, изображения и видеоматериалы, показывающие пункты проверки и оборудование обеспечения безопасности, не видимые посторонними, входы в зоны ограниченного доступа и другие места, которые могут раскрыть уязвимости в системе авиационной безопасности;

14) эффективность работы оборудования обеспечения безопасности, а также его стандарты обнаружения, калибровочные значения, программное обеспечение и т. д.

## Глава 3. Обращение с конфиденциальной информацией по авиационной безопасности

6. При обращении с конфиденциальной информацией по авиационной безопасности государственные органы, организации гражданской авиации защищают такую информацию от несанкционированного доступа или раскрытия. При этом государственные органы, организации гражданской авиации принимают во внимание следующее:

1) доступ к конфиденциальной информации по авиационной безопасности должен предоставляться только лицам, которым он необходим ввиду служебной необходимости;

2) доступ к конфиденциальной информации по авиационной безопасности должен иметь только уполномоченный персонал в пределах, необходимых для выполнения им своих служебных обязанностей;

3) конфиденциальная информация по авиационной безопасности не должна копироваться без особой необходимости;

4) конфиденциальная информация по авиационной безопасности в перерывах между использованием должна соответствующим образом надежно храниться, например, в запирающемся шкафу или ящике для документов;

5) электронные файлы, содержащие конфиденциальную информацию по авиационной безопасности, должны храниться безопасным образом, например, в зашифрованном виде, под защитой пароля и на защищенных серверах. При хранении на защищенном переносном электронном устройстве такие электронные файлы должны в перерывах между использованием быть заперты в надлежащем месте (например, запирающиеся ящики для документов).

## Глава 4. Обмен конфиденциальной информацией по авиационной безопасности

7. При обмене конфиденциальной информацией по авиационной безопасности государственные органы, организации гражданской авиации защищают такую информацию от несанкционированного доступа или раскрытия. При этом государственные органы, организации гражданской авиации принимают во внимание следующее:

1) при передаче конфиденциальной информации по авиационной безопасности предпринимаются меры защиты, такие как снабжение получателя соответствующими инструкциями по обращению с такой информацией, использование санкционированных способов доставки (например, уполномоченных курьеров и безопасных способов упаковки);

2) электронные файлы, содержащие конфиденциальную информацию по авиационной безопасности, должны передаваться с

использованием шифрования или под защитой пароля. При использовании пароля он должен быть достаточною надежным и должен передаваться отдельно от оригинального электронного файла;

3) с получателем необходимо заблаговременно договориться о способе передачи, а также о подтверждении получения;

4) перед передачей конфиденциальной информации по авиационной безопасности следует заключить соглашение о нераспространении.

8. Устные обсуждения (например, по телефону, в ходе видеоконференции и в личной беседе), касающиеся конфиденциальной информации по авиационной безопасности, должны вестись только с лицами, которым это положено ввиду служебной необходимости, и в обстановке, исключающей возможность подслушивания теми, кто не имеет соответствующего допуска.

## Глава 5. Уничтожение конфиденциальной информации по авиационной безопасности

9. Государственные органы, организации гражданской авиации разрабатывают правила, процедуры или политику о длительности хранения информации, чтобы обеспечить хранение конфиденциальной информации по авиационной безопасности не дольше, чем это необходимо.

10. При утилизации конфиденциальной информации по авиационной безопасности государственные органы, организации гражданской авиации уничтожают материальные носители таким образом, который, для предотвращения несанкционированного доступа или распространения, исключал бы возможность снятия с них информации и ее восстановления.

11. Государственные органы, организации гражданской авиации обеспечивают, чтобы любые третьи лица, с которыми состоялся обмен конфиденциальной информацией по авиационной безопасности, использовали такие же методы ее утилизации.

12. Государственные органы, организации гражданской авиации принимают во внимание следующее:

1) физические копии конфиденциальной информации по авиационной безопасности должны уничтожаться способами, предусматривающими использование соответствующих измельчающих устройств (например, разрезание на мелкие частицы, разрушение вручную на мелкие частицы и сжигание);

2) электронные устройства, содержащие конфиденциальную информацию по авиационной безопасности, должны уничтожаться такими способами, как измельчение, сжигание и разрушение (в случае компакт-дисков (CD), цифровых видеодисков (DVD) или дисков). Для других электронных носителей (например, USB-накопителей, жестких дисков, копировальных аппаратов, сканеров и пр.), необходимо удалить с прибора всю информацию и отформатировать, очистить и/или уничтожить прибор.

## Гава 6. Обмен конфиденциальной информацией по авиационной безопасности между государствами

13. Государственный орган, организация гражданской авиации может заключить письменные договоры или соглашения об обмене информацией. Такие договоры или соглашения включают положения об идентификации, использовании конфиденциальной информации по авиационной безопасности, обмене ею и ее раскрытии другим государствам.

14. Прежде чем обмениваться конфиденциальной информацией с другими государствами, государственному органу, организации гражданской авиации следует четко идентифицировать такую информацию как конфиденциальную информацию по авиационной безопасности и передать любые конкретные требования в отношении подлежащих применению защитных мер. Государствам, получающим конфиденциальную информацию по авиационной безопасности, следует применять требуемые защитные меры для обеспечения предотвращения ее несанкционированного использования или разглашения.

**2024-жылдын “____” __________ №____**
**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин буйругуна**
**Тиркеме**

# Авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалыматтар менен иштөө
# Нускамасы

## 1-бөлүм. Жалпы принциптер

1. Авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалымат – бул уруксат берилбеген адамдарга кирүү мүмкүнчүлүгүн берүү же ачыкка чыгаруу алсыздыкты пайда кылышы же пайдаланышы же жарандык авиацияга мыйзамсыз кийлигишүү актысына салым кошушу мүмкүн болгон маалымат.

2. Авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалымат мындай маалыматты өз милдеттерин аткаруу үчүн талап кылган жана бул себептен ага кирүүгө уруксат берилген адамдарга гана берилет. Мындай мамиле “кызматтык зарылчылык принциби” деп аталат. Жарандык авиация органы, Жарандык авиация уюму авиациялык коопсуздук жаатындагы жашыруун маалыматка жетүү мүмкүндүгүн алган адамдардын анкеталык маалыматтарын аларга мындай маалыматты алуу мүмкүндүгү берилгенге чейин текшерүүнү жүргүзүүнү камсыз кылат.

3. Жашыруун маалыматка карата аны коргоо боюнча чаралар колдонулат жана мындай коргоонун деңгээли Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 1996-жылдын 23-декабрында № 619/35 бекитилген Кыргыз Республикасынын министрликтеринде, административдык ведомстволорунда, ишканаларында, мекемелеринде жашыруун режимин камсыз кылуу боюнча нускамага, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 7-майындагы №255 токтому менен бекитилген “Кызматтык пайдалануу үчүн маалыматтарды камтыган документтер менен иштөөнүн тартиби жөнүндөгү” Жобого ылайык мамлекеттик органдын, Жарандык авиация уюмунун жетекчиси тарабынан аныкталат. Авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалыматты коргоо чаралары аны аныктоо, иштеп чыгуу, жайылтуу же жок кылуу процессинде колдонулат.

4. Мамлекеттик органдардын, жарандык авиация уюмдарынын жетекчилери авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалыматты идентификациялоого, иштеп чыгууга, жайылтууга (мисалы, оозеки, физикалык жана электрондук формада) жана аны санкцияланбаган ачыкка

чыгарууга жол бербөөнү камсыз кылуу үчүн жазуу жүзүндөгү саясатты, жол-жоболорду жана жетектөөчү көрсөтмөлөрдү иштеп чыгышат. Мындай саясаттар, жол-жоболор жана көрсөтмөлөр уруксатсыз ачыкка чыгаруу маселелерин да чечет.

## 2-бөлүм. Авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалыматты идентификациялоо

5. Жарандык авиация органдары, мамлекеттик органдар, жарандык авиация уюмдары авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалыматты тиешелүү грифтин жардамы менен аныкташат. Авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалымат толугу менен же жарым-жартылай төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

1) жарандык аваициянын улуттук коопсуздук программасы (Кыргыз Респуликасынын авиациялык эрежелери жана авиациялдык коопсуздуктун башка укуктук нормативдик актылар);

2) жарандык авиация коопуздугун камсыздоо жаатындагы даярдоо программасы (ЖАККДП);

3) жарандык авиация коопсуздугун камсыздоо жаатындагы сапатты көзөмөлдөө программасы (ЖАККСКП);

4) авиациялык коопсуздукка тиешелүү башка шайкеш эрежелер жана чаралар;

5) аэропорттун коопсуздук программасы (АКП);

6) аба кемесинин эксплуатанттарынын коопсуздук программасы (AOSP);

7) авиациялык коопсуздукка тиешелүү, коопсуздукту камсыздоо боюнча конкреттүү чараларды баяндоочу стандарттык операциялык/эксплуатациялык жол-жоболор (СОП/СЭП);

8) сапатты көзөмөлдөө боюнча коопсуздук системасын жана башка иш-чараларды текшерүү жыйынтыктарынын чоо-жайы;

9) коркунучтар жана тобокелдиктерди баалоо тууралуу маалымат;

10) коопсуздук жаатындагы инциденттер тууралуу кеңири маалымат;

11) мыйзамсыз кийлигишүү актыларына аракеттенүү жол-жоболору;;

12) өзгөчө кырдаалдар учурундагы иш-аракеттердин планы;

13) сүрөттөр, көрүнүштөр жана видеоматериалдар текшерүү пункттарын жана сырттан көрүнбөгөн коопсуздук жабдууларын, чектелген аймактарга кире бериштерди жана авиациялык коопсуздуктун алсыздыгын ача турган башка жерлерди көрсөтөт;

14) коопсуздук жабдууларынын иштөө натыйжалуулугу, ошондой эле анын аныктоо стандарттары, калибрлөө баалуулуктары, программалык камсыздоо ж. б.

## 3-бөлүм. Авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалымат менен иштөө

6. Авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалымат менен иштөөдө мамлекеттик органдар, жарандык авиация уюмдары мындай маалыматты уруксатсыз кирүүдөн же ачыкка чыгаруудан коргойт. Мында мамлекеттик органдар, жарандык авиация уюмдары төмөнкүлөрдү эске алышат:

1) авиациялык коопсуздук жаатындагы жашыруун маалыматка кызматтык зарылчылыгы бар жактарга гана жол берилет;

2) авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалыматка ыйгарым укуктуу персонал гана өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон чектерде ээ болууга тийиш;

3) авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалыматты өзгөчө муктаждыксыз көчүрүүгө болбойт;

4) колдонуунун ортосундагы жашыруун авиациялык коопсуздук маалыматы, мисалы, кулпуланган шкафта же документ суурмасында коопсуз сакталышы керек;

5) авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалыматты камтыган электрондук файлдар коопсуз түрдө сакталышы керек, мисалы, шифрленген, сырсөз менен корголгон жана коопсуз серверлерде. Коопсуз көчмө электрондук түзүлүштө сакталганда, мындай электрондук файлдар колдонуунун ортосунда тийиштүү жерде (мисалы, кулпуланган документ кутучалары) кулпуланышы керек.

## 4-глава. Авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалыматты алмашуу

7. Авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалыматты алмашууда мамлекеттик органдар, жарандык авиация уюмдары мындай маалыматты уруксатсыз кирүүдөн же ачыкка чыгаруудан коргойт. Мында мамлекеттик органдар, жарандык авиация уюмдары төмөнкүлөрдү эске алышат:

1) авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалыматты берүүдө коргоо чаралары көрүлөт, мисалы, алуучуну мындай маалымат менен иштөө боюнча тиешелүү нускамалар менен жабдуу, жеткирүүнүн уруксат берилген ыкмаларын колдонуу (мисалы, ыйгарым укуктуу жеткирүүчүлөр жана коопсуз таңгактоо ыкмалары);

2) авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалыматты камтыган электрондук файлдар шифрлөө жолу менен же пароль менен корголушу керек. Сыр сөздү колдонууда, ал ишенчиликтүү болушу керек жана баштапкы электрондук файлдан өзүнчө берилиши керек;

3) алуучу менен өткөрүп берүү ыкмасы, ошондой эле алууну ырастоо

жөнүндө алдын ала макулдашылышы керек;

4) авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалыматты берүүдөн мурун жайылтпоо жөнүндө келишим түзүлүшү керек.

8. Авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалыматка тиешелүү оозеки талкуулар (мисалы, телефон боюнча, видеоконференциянын жүрүшүндө жана жеке аңгемелешүүдө) кызматтык зарылдыктан улам бул зарыл болгон адамдар менен жана тийиштүү уруксаты жоктордун тыңшоо мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган жагдайда гана жүргүзүлүүгө тийиш.

## 5-бөлүм. Авиациалык коопсуздук боюнча жашыруун маалыматты жок кылуу

9. Мамлекеттик органдар, жарандык авиация уюмдары авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалыматтын зарыл болгондон узак убакытка чейин сакталышын камсыз кылуу үчүн маалыматты сактоонун узактыгы жөнүндө эрежелерди, жол-жоболорду же саясатты иштеп чыгышат.

10. Авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалыматты утилдештирүүдө мамлекеттик органдар, жарандык авиация уюмдары материалдык алып жүрүүчүлөрдү санкциясыз жеткиликтүүлүктү же жайылтууну болтурбоо үчүн алардан маалыматты алып салуу жана аны калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгаргандай кылып жок кылышат.

11. Мамлекеттик органдар, жарандык авиация уюмдары авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалымат алмашкан бардык үчүнчү жактар аны утилдештирүүнүн ушундай ыкмаларын колдонушун камсыздайт.

12. Мамлекеттик органдар, жарандык авиация уюмдары төмөнкүлөрдү эске алышат:

1) авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалыматтын физикалык көчүрмөлөрү тиешелүү майдалоочу түзүлүштөрдү пайдаланууну караган ыкмалар менен жок кылынышы керек (мисалы, майда бөлүкчөлөргө кесүү, майда бөлүкчөлөргө кол менен сындыруу жана өрттөө);

2) авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалыматты камтыган электрондук Шаймандар майдалоо, өрттөө жана жок кылуу сыяктуу жолдор менен жок кылынышы керек (компакт-дисктерде (МОК), санариптик видео дисктерде же дисктерде). Башка электрондук маалымат каражаттары үчүн (мисалы, USB, катуу дисктер, ксерокөчүрмөлөр, Сканерлер ж. б.) аспаптан бардык маалыматты алып салуу жана инструментти форматтоо, тазалоо жана/же жок кылуу керек.

## 6-бөлүм. Мамлекеттер ортосунда авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалыматты алмашуу

13. Мамлекеттик орган, жарандык авиация уюму маалыматты бөлүшүү тууралуу кат түрүндө келишим же макулдашууларды түзүшөт. Мындай келишимдер же макулдашуулар авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалыматты пайдалануу, аны алмашуу жана аны башка мамлекет тарабынан ачууда идентификациялоо тууралуу жобону камтыйт.

14. Башка мамлекеттер, мамлекеттик орган, жарандык авиация уюму менен жашыруун маалыматты алмашуудан биринчи бул маалыматты авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалымат деп так идентификациялоо жана ар кандай коргоочу чараларды колоднууга тиешелүү конкреттүү талаптарды берүү керек. Авиациялык коопсуздук боюнча жашыруун маалыматты алып жаткан мамлекеттер аны уруксатсыз пайдаланууну же ачыкка чыгарууну болтурбоо үчүн талап кылынган коргоо чараларын колдонушу кажет.